# К.АРТЫКБАЕВДИН“ЗАМАНА” КИТЕБИНДЕГИ АКЫНДЫН ЖАН ДҮЙНӨ ЖАРЫГЫ.

**БӨРҮБЕКОВА ГҮЛНАЗ**
*Ош ТУ, окутуучу.*

Кыргыз элинде “Төрт аягы тең жорго” деген сөз бар. Акын Качкынбай Артыкбаевдин чыгармачылыгындагы ар тараптуу талантын карап туруп, ушул накыл сөздүн маанисине тете инсан десек адашпайбыз. Анткени анын котормочулук, илимпоздук, сынчылык, педагогдук касиеттери тууралуу төрт тарабы тең келишкен акындыгы тууралуу узун сабак сөз кылганга арзыйт жана агататыктуу.

Башкасын айтпаганда да, акындын поэзиясы жөнүндө азыноолак болсо да сөз кылганда эле бул инсандын өткөн кылымдын 60-жылдарынан баштап жарык көрө баштаган ырлары ошол мезгилден өмүрү өткөнгө чейин ошол чоң арымдуу күүсүнөн жаңылбай, тескерисинче, улам идеялык-тематикалык-эстетикалык деңгээли күчөгөндөн – күчөп арашан тартканын байкоо кыйын эмес. Акындын мүнөзүндөгү бул мээнеткечтигин-пил көтөргөн кумурскага окшоштурууга болот. Ал ар бир поэзиясын жаратууда элинин ар намысын ойлоп, түйшүгүн тартып, аны жүрөгүнүн тереңинен өткөрүп, өз элинин кайгы-капасын, кубанычын , өз поэзиясына сиңирип, ак дилин ырларында ачык айта билген ыймантаза акын. Акын жөнүндө жазылган булактарга таянганыбызда,

акындын көп сүйлөбөгөн, каардуу көрүнгөн жүзү менен сырдашууга келгенде ал өтө жөнөкөй, жан дүйнөсү терең таптакыр башка адам экендигин замандаштары көп эскерип жүрүшөт. Анын мына ошол жөнөкөй мүнөзү, таза жан дүйнөсү, анын бүткүл чыгармаларынын маңызын түзгөндөй.

Акындын чыгармачылыгында поэзия анын бир өңүтү. Ал көбүнчө адабиятчы, сынчы, окумуштуу катары белгилүү. Бирок адабиятчы – акын жараткан поэзия өзү изилдеп жүргөн көпчүлүк акындардыкынан ашса ашып, асты кемибегендигин көрөбүз. Ага 2004-жылы жарык көргөн “Дил сыры” аттуу ырлардан, поэмалардан, котормолордон турган, тандалмалар сыяктуу көлөмдүү ыр китеби да далил. Ал эми андан мурда 1994-жылы жарык көргөн “Замана” ыр китебинен жана анын кийинки жазылган ырлар, дасатандарынан, ошондой эле мурун жазылган ырлар топтомдорунан да бул өзгөчөлүктү көрүүгө болот. Ошондон улам болсо керек, өзгөчө коом, турмуш, махабат жөнүндөгү ой толгоолору, чыгарган бүтүмдөрү бүгүнкү күндө дагы өз ордун жоготпой актуалдуулугун жогтопогондугу. Себеби, акындын андай көз карашка жөн жеринен эле келбегендиги жыйнактагы эң биринчи “Каар заман” өңдүү публицистикалык дастанынан көрүнүп тургандай. Анткени кыргыз адабиятынын тарыхында белгилүү болгон 19-кылымдын классик акындары улуу таланттуу инсандарыбыз Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылыч өңдүү бабаларыбыз баштаган “замана” темасындагы улуу көчтү улоо менен адамзатты улуу түйшүккө салган заман көйгөйлөрүн өз жан дүйнөсү аркылуу өткөрүп, анын оң жана терс жагын өзүнө таандык үн менен жан күйүп, өзүнчө чечмелеп түшүндүрөт.

Коомдогу актуалдуу деп саналган, өз орду бар, илим менен чындыкка бекем негизделген, жашоодогу талаш-тартыштарды, токсон толгоосу жеткен заман көйгөйлөрүн өз маалында козгоп , ал тууралуу өз оюн элге жарыялоодо акын эч качан артта калбагандыгын аталган жыйнактагы ырларынын тематикалык мазмунун айгинелеп турат.

Чындыгында, чымырканып изденген, адам ошол түйшүктүү жолдо жаза баспай, кездешкен ашуу белестердин алдында жүрөксүнбөйт. Акындын чыгармачыл жолунда мындай учурлар көп болгондугун ага байланыштуу жарык көргөн көп басылмалардан билебиз. Ошондуктан окурмандар акынды өз алдынча жолу, түймөлөп айткан салмактуу ою бар чебер сүрөткер катары таанып билишет. Ал жеке эле чыгармачылык иш менен алпурушуп, чектелбей, кыргыз адабият таануусу боюнча, асыресе жаш сынчы, адабиятчыларды тарбиялап келген устат катары да белгилүү. Ошондуктан ал көрүнүктүү акын-жазуучулардын чыгармачылыгы жөнүндө маек курган убакта акын адилеттүүлүк

калпыстыкты таразалап бекем кармайт.

Биз баарыбыз тең муну моюнга алгыбыз келеби же жокпу, биздин бардыгыбызга эле бул жагабы же жакпайбы, бирок азыркы кыргыз адабият таануусунда К.Артыкбаевдин эстетикасы өзөктүү линияларды түзүп тургандыгы чындык деп белгилөөгө болот.

Акындын чыгармачылык жөндөмдүүлүгү мектептен башталып, студент кезинде ырларын, адабий сын макалаларын жарыялогоо жетишкен.Студент курагында жазган Алыкул Осмонов жөнүндө макаласында ошол учурдагы эң актуалдуу проблемалардын жөө –жайын ажыратууга көмөктөш болгондугун баарыбыз билебиз. Кыргыз адабиятынын ар түрдүү проблемаларына байланыштуу жазылган “ Чалгын” , “Изденүүлөр жана табылгалар”, “Ар түрдүү издер”, “ Акыйкат сыны” аттуу изилдөөлөрү Качкынбай Артыкбаевди Кыргызстанга белгилүү сынчы, адабиятчы катары таанытты. Акындын ырлары ойлуу, элестүү, ар бир ырын окуганда (эмне жөнүндө сөз башатаса да), көңүлдө калаарлык элес берүүгө умтулат. Ал аракет ийгиликтүү чыкканын ырларын окуп чыккан адамга белгилүү. Ырлары бир топ форма жагынан иштелип чыккандыгы тарбия, достук, патриотизм жөнүндө татынакай көркөм элестери менен окурманга жеткиликтүү.

Арийне, чымырканып изденген , машакаттан машакатка тайманбай бой урган адам гана ошол түйшүктүү жолдо жаза басапай, алдында кездешкен ашуу белестерге жүрөксүнбөйт. Акын да мына ошондой опол тоонун ашуусунан тайманбасатан ашып, ал ашууда жөө ашпастан окурмандын жан дүйнөсүнө жакын ыр саптарын тизмектеп таасирдүү жараткандыгы менен башка акындардан айырмаланып турат. Натыйжада, акындын поэзия жанрындагы чаалыкпас чалгынынын жемиши бүгүнкү күнгө чейин сакталып, акуалдуулугун жоготпогондугу менен баалуу. Ооба, чындыгында адабият таануунун ар тараптуу маселесин багып, аны таптап, ошонун тегерегинде айланчыктап алыс кетпей, колго алган маселесин майын чыгара иштеп, окурмандардын көңүлүнөн жай таап келген акын катары кыргыз журтчулугуна белгилүү.

Артыкбаев бардык ырларында ойду так жана көркөм берүүгө аракеттенет. Кайсы гана ырын окубагын, андан кийин эмне туралуу айткысы келгени окуучуга дайын болот. Ырларынын мазмундуу табияты да элпек, жеңил келип, жүрөккө жакын. Буга: “Мезгилге”, “Шашам алга”, “Өмүр бою”, “Эске түшөт” “Туулган жерге” деген сыяктуу аталган жыйнактагы ырларын мисал кылууга болот. “Шашам алга” деген ырында лирикалык каарман өзүнүн бир нерсеге шашкандыгын эмнегедир бир нерседен кемчил болуп жаткандыгын айтат. Анын шашканы бекеринен болбогон чыгар. Себеби, айланаңа кадам таштаган сайын жаңылык болуп тургансыйт. Өзүң аралашып жүргөн замандаштарыңдын колунан албан –албан улуу иштер жаралып, сени кубантып жатканы бекеринен эместир. Ушул жаңылануулард көрүп туруп, ар бир адам өзү аракет кылбаса ага эч ким жардам бербешин айтып, лирикалык каармандын жаңылыктарга кошулууга умтулуп шашып жатканы да бекеринен эмес экен, көрсө:

Шашам алга отурсам да кыймылсыз,
Кечиккенсип жүрөк кургур этет тыз.
Ойдон күлүк заманымдын тушунда,
Айыл конуп аралашты ай , жылдыз.
Анан кантип шашылбайын алдыга,
Кечээ тигил дөңдө олтурган сан кыргыз.
Бүгүн мына путевка алып космоско,
Бара жатса шаңдуу жолдо айрылгыс.

Мына, акындын татынакай табылгасы, философиялык оюу. “Күндөр, күндөр” деген ырында күндөрдү жан күйгөн досторго теңөө менен ырдын аягын мындайча бүтүрөт.

Көп күндөрүм кетти менден айрылып,
Кеткенине өкүнбөймүн кайгырып.
Бир өкүнүч: ар жылы жаз келгенсип,
Жакшы адамдар бир көрүнүп койсочу,
Эч болбосо миң жылда бир кайрылып..

Мында акындын кайрылгыс кеткен достору үчүн ички дүйнөсүндөгү муңкануусу сабырдуу, үмүттүү ой жүгүртүүгө жык толгондугун байкайбыз. Себеби, акын убакыт өткөн сайын ыр саптарына көбүрөөк тунук акылды сиңирип, табийгаттын чындык законуна баш ийгени ачык көрүнүп тургансыйт.

Андан сырткары акындын “”Замана” китебиндеги ырларында адам баласынын жашоодогу орду, турмуш чындыгы чагылдырылып, аны таразага салган убакыттардын, алардын зымырап өтүшүн, өмүр менен өлүм, мугалим менен дүйнө, чындык менен суроолуу суроо жөнүндө кеңири белгилеп көрсөтөт. Мисалы: “Замана” китебинин 78-бетиндеги “Педагог” деген ырындагы берейин деген идея эң жөнөкөй сөз менен айтканда, орошон тоодой бийик кесиптин ээси болгон педагогдордун асыл эмгегин, алтынга тете мээнетин айгинелеп, анын салмагын баалайт. Педагогдун коомдогу өз орду, мүнөзүнүн жөнөкөйлүгү менен башкалардан айырмаланып тургандыгын көркөм жалпылап окурманга жеткирет.

Педагогдук кесип ары ардактуу, ары түйшүктүү, ары машакаттуу орду толгус кесип эмеспи. Анткени ал адам баласына кайталангыс кубаныч тартуулап, аң-сезимин жогорулатууда эмгеги баа жеткис экендиги баарыбызга маалым. Педагогдук кесипти аркалаган мээнеткеч кесиптештердин эмгеги, шакиртин өзүнөн ашыра таптаган, дыйкандар сыяктуу билимин балдардан аябай суу сыятуу аларга сиңиртип, убагында бергенин кийин, соңунда ал кайтарымын билимдүү, аң-сезимдүү инсанга айланган окуучусуна сүйүнүүнүн натыйжасы катары карайт. Ошондуктан педагогдор күчтүү, эрктүү, түптүү мөмөлүү дарактай болоорун акын өз ырында белгилеп көрсөтүү менен алардын кайталангыс эмгегин ар бирибиз баалсак гана, миң мертебе алкыш урмат, сыйга татырлык инсан болмокпуз деген оюн айтат. Ал эми “Адамдар кемчиликсиз жашоо керек” деген ырында адам мүнөзүндөгү кемчилик сапаттардын болушу айлана-чөйрөдөгү жашаган элдер, ошол эле мезгилде коом үчүн пайдасыз экендиги көркөм жалпыланат.

Адам баласынын жаштыкта кетирген кемчиликтери убакыт өтүп анын мүнөзүнүн калыптанышы, акыл жыйышы менен жоголот, андан арылат. Бирок бул ырдагы акындын берейин деген чыныгы ою негизинен адамзат кемчилдиги жок жашоо керек. Ошондой болсо да, аң-сезим, түшүнүгү күчтүү, мүнөзү татаал адамдарды кемчилиги көп адамдардын катарына кошуу туура эместигин айтып, кээ бир адамдар жаш, кээ бири сөзмөр, кээси чапчаң мүнөздө болсо да, адам эч качан адамдык сапатын жоготпоо керектигин белгилеп көрсөтөт. Акындын бул ырындагы айтылган идея адамдарда араккечтик, ушак айтуу, уурулук, өзүмчүлдүк, төрө пейил, жеп ичүү кошоматка эшик ачуу сыяктуу кемчилик сапаттардын болбошу керектигин айтуу менен, качан гана ушул кемчиликтерди жойсок гана дүйнөнүн керемет сыры ачылып, сулуу , чынчыл, ак ниет, берекелүү заман орноп, адептүү, адилеттүү дүйнө жаңырмак деген оюн айтат. Акын ушул сыяктуу замандын оош-кыйышындагы турмуш чындыгын айгинелеп, кыргыздын кыргыз экендигин бүт элге таанытуу максатын көздөп , алга карай умтулуп, талпынып балапан сыяктуу аракет кылсак кылсак гана “Замана” китебиндеги жүрөктүн түпкүрүнөн орун алган сезимтал ойлорго ортоктош болуп, мекен үчүн, эл үчүн адал кызмат аркалаган инсандарга айланаарыбызды сүрөттөө менен мээенеткеч акын мындай инсандардын бүгүнкү күндө дээрлик азайып баратышы жанды кейитет деп ички жан дүйнө жаңырыгын эл ортосуна салат. Акындын бул жыйнагыдагы ыр тизмектерин окуп отуруп, эмне, заманыбыздын жылдан жылга өзгөрүшү, бөксөргөн тоодой пасайышы, руханий жан дүйнөбүздүн тукулжурашы, күндөн-күнгө эмнегедир эртеңкиге кайдыгер караган инсандардын көбөйүшүнө түрткү болуп баратабы деген тунгуюк ойлорго чүмүйбүз. Бирок, келечектүү элдин эртеңки күнү жарык экендигин эске алуу менен, келечекке зор үмүт менен караган акындын ырларындагы айткан ыймандай жан сырларын туура кабыл алууменен ар бир кыргыз жараны андан улуу сабак алышы керек жана акындын сынчыл көркөм ойлорунда жаткан түбөлүктүү идеяларды ишке ашыруу ар бир кыргыз жаранынын парзы болуш керек деп ойлоймун.

**Адабияттар :**


1. К. Артыкбаев Акыйкат сабагы. –Б.: адабия 1991.
2. К. Артыкбаев Дил сыры- Б.: Бийиктик2004.
3. О Ибраимов Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 2-том.- Ф.: Илим. 1987.